КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## №7/2013

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрайым: Садыркулова А.М.
Коллегия мүчөлөрү: Темиров К.А.
Яковлева О.В.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Абдиева К.Т.

**Басылманын мазмунуна тиешелөө маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын, Юридикалык бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 669034 телефону
факс: (996 312) 610730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын, Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 61 04 56
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

ЖИ Маслов А.С. (Graffa типографиясы)
жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Огонбаева көчөсү, 222
2013-жылдын 29-октября басууга кол коюлган.
2013-жылдын 4-ноября басылган.
185 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

**Нормативные акты Национального банка**
**Кыргызской Республики**

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Садыркулова А.М.
Члены коллегии: Темиров К.А.
Яковлева О.В.
Садыкова Н.О.
Ответственный секретарь: Абдиева К.Т.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридический отдел:
телефон: (996 312) 669 034
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел внешних и общественных связей:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 61 04 56
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках**.

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано в типографии «Graffa» ЧП Маслов А.С.
г. Бишкек, ул. Огонбаева, 222
Подписано в печать 29 октября 2013 г.
Отпечатано 4 ноября июля 2013 г.
Тираж 185 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2013 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жылдагы иши боюнча толук отчету болуп саналат. Ал Республиканын экономикалык өнүгүшү, Улуттук банктын акчакредит саясаты, финансылык отчету жөнүндө кыскача маалыматтарды, Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын экономикасына негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана анын секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат. Тиркемелеринде төлөм теңдеминин нейтралдуу формасы, тышкы соода түзүмү, эларалык камдар (резервдер) тышкы карыз боюнча маалыматтарды камтыган таблицалар келтирилген. Чейрек сайын - январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылмада республикада жана анын региондорунда керектөө бааларынын динамикасы, инфляциянын негизги факторлорун анализдөөлөр, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтар камтылып, кийинки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Басылма Кыргыз Республикасынын финансы системасынын учурдагы абалын экономиканын башка секторлору менен өз ара байланышта кароого алынышы боюнча аналитикалык маалыматты камтыйт. Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдайт. Алты айда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилинде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта жана бүтүндөй банк тутумунда бир апта ичинде болуп өткөн жаңылыктарды, Улуттук банктын ыкчам маалыматтарын, финансы рыногу боюнча аналитикалык материалдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

# Издания Национального банка Кыргызской Республики

### *Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики*

Издание является полным отчетом Национального банка за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность Национального банка, общие сведения о НБКР, статические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики*

Информационное издание содержит статические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики.
Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Платежный баланс Кыргызской Республики*

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает последние тенденции в развитии внешнего сектора. В приложениях приводятся таблицы с данными по нейтральной форме платежного баланса, структуре внешней торговли, международным резервам, внешнему долгу. Выпускается ежеквартально - в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

### *Обзор инфляции в Кыргызской Республике*

Издание содержит описание динамики потребительских цен в республике и ее регионах, анализ основных факторов инфляции, информацию о решениях Национального банка Кыргызской Республики в области денежно-кредитной политики и представляет прогноз инфляции на предстоящий период. Публикуется ежеквартально на кыргызском, русском и английском языках.

### *Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики*

Издание содержит аналитическую информацию о текущем положении финансовой системы Кыргызской Республики во взаимосвязи с другими секторами экономики. Информирование общественности о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики. Выпускается 1 раз в 6 месяцев на трех языках: кыргызском, русском и английском

### *Пресс-релиз Национального банка Кыргызской Республики*

«Пресс-релиз НБКР» содержит хронику событий, происходящих в Национальном банке и банковской системе в целом, оперативную информацию НБКР за неделю, аналитические материалы по финансовому рынку и другую информацию к сведению СМИ (средства массовой информации), юридических и физических лиц. Публикуется еженедельно на русском и кыргызском языках.

# МАЗМУНУ

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 16-августундагы № 30/6 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 29-июнундагы №35/5 "Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүрдүн гросстук системасынын кызмат көрсөтүүлөрүн тарифтерди бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому; ..... 8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-августундагы № 32/5 Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата негизги талаптар жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтому; ..... 11

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-августундагы № 32/8 «Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому; ..... 12

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/12 "Улуттук банк Башкармасынын 2008 - жылдын 27- августундагы № 33/5 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө" жобого өзгөртүүнү киргизүү тууралуу" токтому; ..... 16

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/14 "Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтому; ..... 18

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/19 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому; ..... 38

# СОДЕРЖАНИЕ

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 30/6 от 16 августа 2013 года «О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 35/5 от 29 июня 2011 г. «Об утверждении тарифов на услуги Системы пакетного клиринга мелких розничных и регулярных платежей и тарифов на услуги Гроссовой системы расчетов в режиме реального времени»; (Опубликовано на сайте НБКР 23 августа 2013 г.) 42

2. Постановление Правления Национального Банка Кыргызской Республики № 32/5 от 28 августа 2013 года «О внесении изменения в Положение «Об основных требованиях к деятельности коммерческих банков при заключении агентского договора по предоставлению банковских розничных услуг»; (Опубликовано на сайте НБКР 16 сентября 2013 г.) 45

3. Постановление Правления Национального Банка Кыргызской Республики № 32/8 от 28 августа 2013 года «О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики»; (Опубликовано на сайте НБКР 06 сентября 2013 г.) 46

4. Постановление Правления НБКР № 35\12 от 25.09.2013г. “О внесении изменения в Положение “О признаках платежности и правилах обмена банкнот и монет Кыргызской Республики”, утвержденное постановлением Правления НБКР № 33/5 от 27.08.2008 года”; (Опубликовано на сайте НБКР 06 октября 2013 г.) 50

5. Постановление Правления НБКР № 35\14 от 25.09.2013г. “Об утверждении Положения о минимальных требованиях по управлению кредитным риском в микрофинансовых организациях, непривлекающих вклады (депозиты)”; (Опубликовано на сайте НБКР 06 октября 2013 г.) 52

6. Постановление Правления НБКР № 35\19 от 25.09.2013г. “О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики”; (Опубликовано на сайте НБКР 03 октября 2013 г.) 71

**Улуттук банк Башкармасынын 2013 жылдын**
**16 августундагы № 30/6 токтому**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 29-июнундагы №35/5 "Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" Мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 29-июнундагы №35/5 "Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү (кошо тиркелет) бекитилсин.
2. Ушул токтом 2013-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
   - ушул токтомду Улуттук банктын расмий сайтында жарыяласын;
   - расмий жарыялангандан кийин ушул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.
4. Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКты, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгын, «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасын, областтык башкармалыктарды жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгүн таанныштырсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Б.Ж. Жеенбаевага ыйгарылсын.

Төрага Асанкожоева З.М.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2013-жылдын 16 августундагы № 30/6**
**токтомуна карата тиркеме**

Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 29-июнундагы №35/5 “Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү

- 1 тиркеме төмөнкү редакцияда берилсин:

«1 тиркеме

**Кыргыз Республикасында майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер**

1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөлөр (мындан ары – Пакеттик клиринг системасы) абоненттик төлөмдөн жана Пакеттик клиринг системасынын катышуучуларынын чыгыш төлөмдөрүнөн турат.
2. Пакеттик клиринг системасынын катышуучусунун абоненттик төлөмү айына 20 миң сом суммасында белгиленет.
3. Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 22-августундагы №38/11 токтому менен бекитилген жана Адилет министрлигинде 2007-жылдын 29-декабрында 121-07 номеринде каттоодон өткөртүлгөн Кыргыз Республикасында майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдү ишке ашыруу тартиби жөнүндө нускоого ылайык, Пакеттик клиринг системасынын операциялык күн регламентине жараша белгиленген мезгил аралыгында жөнөтүлгөн жана иштелип чыккан системанын катышуучуларынын чыгыш төлөмдөрүн иштеп чыгууга тарифтер, төлөм суммасынын аралыгына жана төлөмдөрдүн келип түшүүсүнө жараша төмөнкү өлчөмдө белгиленет:

| Төлөм суммасынын аралыгы, сом менен | Пакеттик клиринг системасына келип түшкөн 1 төлөмдү иштеп чыгууга тарифтер (сом менен): | |
|---|---|---|
| | 11:00 чейин | 11:00 кийин |
| 0,01 - 300,00 | 0,01 | 0,01 |
| 300,01 - 1 000,00 | 0,05 | 0,1 |
| 1 000,01 - 5 000,00 | 0,1 | 0,5 |
| 5 000,01 - 20 000,00 | 1 | 2 |
| 20 000,01 - 100 000,00 | 15 | 25 |
| 100 000,01 - 500 000,00 | 40 | 45 |
| 500 000,01 - 1 000 000,00 | 55 | 60 |

4. Пакеттик клиринг системасынын катышуучулары тарабынан Нускоого ылайык белгиленген операциялык күн регламентин бузуу менен жөнөтүлгөн чыгыш төлөмдөрдү иштеп чыгуу жана иштелип чыккан төлөмдөр үчүн тарифтер төмөнкү өлчөмдө белгиленет:

| Төлөм суммасынын аралыгы, сом менен | Пакеттик клиринг системасынын операциялык күн регламентин бузуу менен келип түшкөн 1 төлөмгө тариф (сом менен) |
|---|---|
| 0,01 - 300,00 | 0,1 |
| 300,01 - 1 000,00 | 1 |
| 1 000,01 - 5 000,00 | 5 |
| 5 000,01 - 20 000,00 | 20 |
| 20 000,01 - 100 000,00 | 250 |
| 100 000,01 - 500 000,00 | 450 |
| 500 000,01 - 1 000 000,00 | 600 |

5. Пакеттик клиринг системасынын катышуучусунун андан көз каранды эмес себептер боюнча операциялык күн регламентин бузуу менен чыгыш төлөмдөрүн иштеп чыгууга тарифтер, ал факт Улуттук банктын Банктык эсептешүүлөр башкармалыгынын начальниги тарабынан тастыкталган учурда, ушул Тиркеменин 3-пунктуна ылайык белгиленет (саат 11:00 кийинки тариф).».

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын**
**2013-жылдын 28-августундагы № 32\5 токтому**

## “Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата негизги талаптар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 26-майындагы № 36/7 токтому менен бекитилген “Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимдерди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата коюлуучу негизги талаптар жөнүндө” жобого төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

   -Жобонун 34-пунктундагы “3 жана 4-топ” деген сөздөр “3, 4 жана 5-топтор” деген сөздөргө алмаштырылсын.

2. Юридика башкармалыгы:

   - бул токтомду Улуттук банктын расмий сайтында жарыяласын;

   -токтом расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктун актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн аны Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын жана микрофинансылык уюмдарды тааныштырсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Б.Ж.Жеенбаевага ыйгарылсын.

Төрага Асанкожоева З.М.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын 28-августундагы № 32\8 токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына сунушталган төмөнкү өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилсин:
   - Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 30-октябрындагы N32/2 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында пилоттук долбоордун алкагында ислам каржылоо принциптерин ишке ашыруу жөнүндө" жобого;
   - Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 23-сентябрындагы №38/8 токтому менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобого;
   - Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 30-сентябрындагы №39/4 токтому менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө» убактылуу жобого.
2. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
   - ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтына жарыяласын;
   - токтом расмий жарыялангандан кийин аны Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.
4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары З.Л. Чокоев мырзага жүктөлсүн.

Төрага Асанкожоева З.М.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-августундагы №32/8 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 30-октябрындагы №32/2 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында пилоттук долбордун алкагында ислам каржылоо принциптерин жүзөгө ашыруу жөнүндө" жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1) 2-бөлүктүн 2.3-главасынын 6-пунктундагы он биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

*«Банк, сатып алуу-сатуу келишимин өз алдынча сыяктуу эле, агенти аркылуу да түзө алат. Банк, агенти катары кардарды дайындашы мүмкүн, мында кардар банктын эсебинен, анын атынан жана тапшыруусу боюнча агенттик келишимде белгиленген шарттарда иш алып барат, анда төмөнкү шарттар камтылууга тийиш: келишимдин предмети, тараптардын жана товардын аталышы, төлөө шарттары жана мөөнөттөрү, сатып алуу-сатуу операциясын тастыктаган документтер, башка шарттар".*

2) 2-бөлүктүн 2.3-главасынын 6-пунктундагы а) пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

*«а) банк Сатуучуга товар үчүн акча каражаттарын агент катары иш алып барган кардардын эсебине чегербестен өзү төлөөгө тийиш. Банк акча каражаттарын агент катары иш алып барган кардарга төмөнкү учурларда гана сунуштай алат:*

- товарды сатуучу катары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык иш алып барган жеке ишкер саналган учурда;
- товар Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары сатылып алынган учурда.

*Мында агенттик келишимдердин алкагында агент катары кардарларга сунушталган акча каражаттардын чогуу алгандагы көлөмү «Мурабаха» операциялары боюнча банктын каржылоо портфелинин 20% ашпоого тийиш".*

3) 2-бөлүктүн 2.6-главасы төмөнкү мазмундагы 50-пункт менен толукталсын:

*«Эгерде, келишим предметинен болгон, Банктын өндүрүштү же курулушту аяктоо боюнча айкын чыгымдары эсептелген сарптоолордон кыйла азыраак болсо же эгерде Банк келишим предметин алуу жана контракттык милдеттенмелерин аткаруу үчүн Параллель Истиснаа келишимин түзгөн тараптан жеңилдик алууга аракеттенип жатса, банк*

*түпкү сатып алуучуга жеңилдик бербөөгө укуктуу жана Банктын эсептелген сарптоолордон тышкары тапкан суммасын же анын бөлүгүн алууга түпкү сатып алуучунун укугу жок. Ушул эреже, өндүрүштүн айкын чыгымдары эсептелинген сарптоолордон кыйла жогору болгон учурда да колдонулат. Мында, банк тарабынан киреше түрүндө алынган айырма, банктын башка операциялары боюнча кирешелеринде чагылдырылууга тийиш.*

II. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 23-сентябрындагы №38/8 токтому менен бекитилген "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө" жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-бөлүктүн 2.3-главасынын 2.3.6-пунктундагы он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

*«Банк, сатып алуу-сатуу келишимин өз алдынча сыяктуу эле, агенти аркылуу да түзө алат. Банк агенти катары кардарды дайындашы мүмкүн, мында кардар банктын эсебинен, анын атынан жана тапшыруусу боюнча агенттик келишимде белгиленген шарттарда иш алып барат, анда төмөнкү шарттар камтылууга тийиш: келишимдин предмети, тараптардын жана товардын аталышы, төлөө шарттары жана мөөнөттөрү, сатып алуу-сатуу операциясын тастыктаган документтер, башка шарттар".*

2) 2-бөлүктүн 2.3-главасынын 2.3.6-пунктундагы а) пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

*«а) банк Сатуучуга товар үчүн акча каражаттарын агент катары иш алып барган кардардын эсебине чегербестен өзү төлөөгө тийиш. Банк акча каражаттарын агент катары иш алып барган кардарга төмөнкү учурларда гана сунуштай алат:*

- товарды сатуучу катары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык иш алып барган жеке ишкер саналган учурда;
- товар Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары сатылып алынган учурда.

*Мында агенттик келишимдердин алкагында агент катары кардарларга сунушталган акча каражаттардын чогуу алгандагы көлөмү Улуттук банк тарабынан белгиленет".*

III. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 30-сентябрындагы №39/4 "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимге карата талаптар жөнүндө" убактылуу жобого төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1) 2-бөлүктүн 2-главасынын 2.1.5-пунктундагы экинчи сүйлөм төмөнкү редакцияда берилсин:

*«Банк агенти катары кардарды дайындашы мүмкүн, мында кардар банктын эсебинен, анын атынан жана тапшыруусу боюнча агенттик келишимде белгиленген шарттарда иш алып барат, анда төмөнкү шарттар камтылууга тийиш: келишимдин предмети, тараптардын жана товардын аталышы, төлөө шарттары жана мөөнөттөр, сатып алуу-сатуу операциясын тастыктаган документтер, башка шарттар".*

2) 2-бөлүктүн 2-главасынын 2.1.5-пунктундагы а) пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

*«а) банк Сатуучуга товар үчүн акча каражаттарын агент катары иш алып барган кардардын эсебине чегербестен өзү төлөөгө тийиш. Банк акча каражаттарын агент катары иш алып барган кардарга төмөнкү учурларда гана сунуштай алат:*

- *товарды сатуучу катары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык иш алып барган жеке ишкер саналган учурда;*
- *товар Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары сатылып алынган учурда.*

*Мында агенттик келишимдердин алкагында агент катары кардарларга сунушталган акча каражаттардын чогуу алгандагы көлөмү Улуттук банк тарабынан белгиленет".*

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35\12 токтому**

## Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы №33/5 токтому менен бе-китилген «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана моненталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобого өзгөртүүнү киргизүү тууралуу

Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы №33/5 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана алар-ды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобого сунуш кылынган өзгөртүүнүн долбоорун карап көрүү ме-нен, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 43-статьясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы №33/5 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2008-жылдын 2-октябрындагы № 122-08 катто-одон өткөн «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белги-лери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобого сунуш кылынган өзгөртүү (кошо тир-келет) киргизилсин.
2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтында жарыялансын.
3. Расмий жарыялангандан кийин Юридика Башкармалыгы бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республи-касынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.
4. Ушул токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
5. Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, финансы-кредит мекемелерин, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Улуттук банк-тын Баткен өкүлчүлүгүн тааныштырсын.
6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын мүчөсү, айым С.К. Алыбаевага ыйгарылсын.

Төрага Асанкожоева З.М.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын**
**2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35\12**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы №33/5 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобого өзгөртүү

Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы №33/5 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөө күчүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобого төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

16 – пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“16. Ушул жобонун 2 жана 3-пункттарында келтирилген зыянга учураган банкнотту/монетаны жарактуу банкнотко алмаштыруу, ошондой эле бир нарктагы банкнотту/монетаны экинчисине алмаштыруу, Улуттук банкта, коммерциялык банктарда жана финансы-кредит мекемелеринде, суммаларда чектөөлөрсүз жана көрсөткөн кызмат үчүн акы өндүрүп алуусуз жүргүзүлөт.”.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35\14 токтому**

## "Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 7-жана 43- беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. "Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобо (кошо тиркелет). бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 28-ноябрындагы N 45/8 "Микрофинансылык уюмдарга карата талаптар жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.
3. Юридика башкармалыгы:
   - бул токтомду Улуттук банктын расмий сайтында жарыяласын;
   - токтом расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.
4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдарды жана Микрофинансылык уюмдар ассоциациясын тааныштырсын.
5. Токтом расмий жарыялангандан бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары З.Л. Чокоев мырзага жүктөлсүн.

Төрага Асанкожоева З.М.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35\14 токтому менен бекитилди**

“Аманаттарды (депозиттерди) тартуу менен иш алып барбаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө”

ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Кредиттик тобокелдиктерди тескөөнү уюштурууга карата негизги талаптар
3. Кредиттик саясат
4. Микрокредитти алууга билдирмелерди кароо
5. Кардарлардын укуктары
6. Кредиттик келишимге карата талаптар жана аны түзүү тартиби
7. Микрокредитти төлөө булактары

1-тиркеме. Карыз алуучунун кредиттик досьесине карата минималдуу талаптар

2-тиркеме. Микрофинансылык уюмдардын кардарларынын даттануу жана сунуштар китепчеси

3-тиркеме. МФУлардын кардаларынын укуктарынын, чыгашаларынын (төлөмдөрүнүн) тизмеси

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Ушул жобо, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине, “Микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө” жобого, ошондой эле башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан жана аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык компанияларга, микрокредиттик компанияларга жана микрокредиттик агенттиктерге (мындан ары - МФУ) жайылтылат.
2. Кредиттик келишимге, аны түзүүгө жана МФУларда кредиттик тобокелдикти тескөөнүн шайкеш системасын калыптандырууга карата минималдуу талаптарды аныктоо, ушул Жобонун максаты болуп саналат.
3. МФУлар өз ишин Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына, ошондой эле МФУлар Уставына

ылайык жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) лицензия/күбөлүгүнүн негизинде жүзөгө ашырууга милдеттүү.

4. Микрокредиттөө операциялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектөөлөрдүн алкагында, карыз алуучу менен макулдашылган шарттарда, юридикалык жактардан, уюштуруучулардан (акционерлерден), финансы-кредиттик мекемелерден жана/же эл аралык финансылык уюмдардан тартылган өздүк же карыздык каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат.
5. Ушул жобонун максаттары үчүн төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:
   - *Төлөмдөр графиги* – кредиттик келишимге карата, микрокредитти кайтарып берүү жана пайыздарды төлөө мөөнөттөрүн жана суммаларын аныктаган милдеттүү тиркеме;
   - *Кошо жоопкерчиликтүү топ* – катышуучу-жеке адамдардын (жок эле дегенде 3 киши) өз ыктыярлары менен топко биригүүсү, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, топтун ар бир мүчөсүнүн милдеттенмелеринин аткарылышына жана алынган кредиттик каражаттардын толук кайтарылышына кандай гана шарттарда болбосун биргелешип жооп тартышат;
   - *Топтук кредиттер* – кошо жоопкерчиликтүү топтун мүчөлөрүнө, кошо жоопкерчилик алдында берилген кредиттер;
   - *Карыз алуучу* – МФУдан мөөнөттүүлүк, төлөөгө жөндөмдүүлүк, кайтарымдуулук шарттарында белгилүү бир максаттарга кредит алган жеке адам же юридикалык жак, кошо жоопкерчиликтүү топ;
   - *Кардар* – МФУнун кызмат көрсөтүүлөрүнө кайрылган же алардан пайдаланып жаткан жеке адам же юридикалык жак, кошо жоопкерчиликтүү топ;
   - *Таламдардан улам келип чыккан чыр-чатак* – МФУнун кызматкеринин жеке кызыкчылыгы кредит берүү чечимин кабыл алуу процессине таасир этиши, ошол эле учурда МФУнун таламдарына зыян келтириши мүмкүн болгон жагдай;
   - *Кредиттик тобокелдик* – карыз алуучулар тарабынан МФУлардын активдерин кайтарып берүү боюнча милдеттенмелер келишим мөөнөттөрү жана шарттарына ылайык аткарылбай калуу тобокелдиги;
   - *Микрокредит (мындан ары - кредит)* – жеке адамга, кошо жоопкерчиликтүү топко же юридикалык жакка МФУнун Уставына жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамдын 2-беренесине ылайык

берилген акча каражаттары. Кредиттин өлчөмү Улуттук банк тарабынан белгиленген өлчөмдөн ашпоого тийиш. Ошондой эле, ушул Жобонун максаттарында кредит дегенден улам, өзүнө кредиттик тобокелдикти камтыган активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди түшүнүүгө болот;

- *Байкоо органы* – МФУга жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырган, МФУнун башкаруу органы (Директорлор кеңеши/Байкоо кеңеши же МФУнун уюштуруу документтерине ылайык башка ыйгарым укуктуу жак);
- *Аткаруу органы* – МФУга коллегиалдык же жеке күндөлүк жетекчиликти жүзөгө ашыруучу башкаруу органы (Башкарма/Төрага /Директор/Башкаруучу же МФУнун уюштуруу документтерине ылайык башка ыйгарым укуктуу жак);
- *Проблемалуу кредиттер* – карыз алуучу тарабынан МФУ менен түзүлгөн келишим шарттары аткарылбаган кредиттер, же кандайдыр-бир жагдайлардан улам (мисалы, форс-мажордук жагдайлардын орун алышы же финансылык кыйынчылыктардын келип чыгышы), МФУ алдындагы милдеттенмелердин аткарылышына жана кредиттин төлөнүшүнө коркунуч туулат;
- *Форс-мажордук жагдайлар* – жаратылыш кырсыктарын (суу каптоо, жер титирөө, өрт жана башка жаратылыш же техногендик кырсыктар), эпидемияларды, өзгөчө кырдаалдардын киргизилишин, массалык баш аламандыктарды, талап-тоноочулукту, аскердик аракеттер ж.б. сыяктуу окуяларды камтыган, бирок, чектелип калбаган жагдайлар.

## 2. КРЕДИТТИК ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨНҮ УЮШТУРУУГА КАРАТА НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

6. МФУнун калкка жеткиликтүү кызматтарды сунуштоо, жакырчылыкты жоюуга көмөктөшүү, жумуштуулук деңгээлин жогорулатуу, ишкердикти өнүктүрүүгө жана Кыргыз Республикасынын калкын социалдык жактан мобилизациялоого көмөктөшүү боюнча негизги максаттарынын ишке ашырылышына - төмөнкүлөргө микрокредиттерди берүү аркылуу жетишүүгө болот:
    - калктын аз камсыз болгон катмарынын, аялдардын жана алыскы аймактарда жашоочулардын баштапкы бизнести түзүүлөрүнө;
    - жүргүзүлүп жаткан бизнести колдоого жана аны өнүктүрүүгө;
    - мыйзамга каршы келбеген керектөө жана башка максаттарга;

7. МФУлар анын тиешелүү башкаруу органдары (документтин статусуна жараша Байкоочу орган же Аткаруу органы) тарабынан бекитилүүгө тийиш болгон тиешелүү ички ченемдик документтерди (саясаттарды жана жол-жоболорду) иштеп чыгууга милдеттүү. Бул документтерде төмөнкүлөр алдын-ала каралууга тийиш:
   - МФУнун Уставы жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамында аныкталган иш-аракеттердин максаттарын ишке ашыруу боюнча чараларды ачып көрсөтүү, алардын аткарылышына МФУнун Байкоо жана Аткаруу органдары жоопкерчилик тартат;
   - билдирмени кароого, кредиттерди берүүгө, кредиттик келишимди түзүүгө жана ал боюнча тиешелүү документтерди киргизүүгө, ошондой эле кредиттик тобокелдикти аныктоо, өлчөө, ага мониторинг жүргүзүү жана контролдукка алууга тийиштүү, кредиттөө боюнча операцияларга карата бардык шарттар жана негизги талаптар. Мында ар бир кредиттик продукт боюнча толук сүрөттөөлөр МФУнун тиешелүү ченемдик документтеринде чагылдырылууга тийиш.
8. МФУнун ички ченемдик документтери ушул Жободо, Улуттук банктын башка ченемдик укуктук актыларында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында берилген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.
9. МФУлар микрокредиттөөнү мөөнөттүүлүк, төлөөгө жөндөмдүүлүк, кайтарымдуулук шарттарында жүзөгө ашырышат.
10. МФУлар өз ишин кардарларга карата алардын экономикалык кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык жана банктык сыр жөнүндө мыйзамынын талаптарын сактоодо, ак ниеттүүлүк, ачык-айкындуулук, аныктык принциптеринде жүзөгө ашырышат.

## 3. КРЕДИТТИК САЯСАТ

11. МФУнун кредиттик иши анын тиешелүү органы тарабынан бекитилген кредиттик саясаттын негизинде жүзөгө ашырылат.
12. Кредиттик саясат МФУлардын кызматкерлери кредиттерди сунуштоо, тариздөө, мониторинг жүргүзүү, классификациялоо жана кредиттик тобокелдиктерди тескөө иштеринде колдонууга милдеттүү болушкан стратегияны, параметрлерди жана жол-жоболорду аныктайт.
13. МФУнун кредиттик саясатында кредиттерди берүүгө, мониторинг жүргүзүүгө жана кайтарып берүүгө тиешелүү бардык негизги жоболор чагылдырылууга тийиш, анын ичинде:

1) төмөнкүлөрдү кошо алганда, жалпы жоболор:
   - потенциалдуу карыз алуучулардын курамы;
   - кредиттердин кредиттөө максаттарына жана башка шарттарга жараша түрлөрү. Мында, типтүү кредиттик продукттар жана аларга карата келишимдер унификацияланууга тийиш;
   - кредиттөө тартибин жана сандык чектөөлөрүн (лимиттерди), анын ичинде инсайдерлерге/аффилирленген жактарга жана алардын тугандарына берилген кредиттер, ошондой эле ири кредиттер боюнча;
   - кредиттөө мөөнөттөрүн, анын ичинде бизнестин сезондуулугун, мезгилдүүлүгүн эске алуу менен;
   - потенциалдуу карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн аныктоо тартиби;
   - пайыздык чендерди калыптандыруу тартиби (номиналдык/эффективдүү);
   - валютанын түрү;
   - кредиттик портфелдин түзүмүн (тармактар, валюталар жана башка белгилер боюнча);
   - кредиттин тигил же бул түрүнө мүнөздүү потенциалдуу тобокелдиктер жана аларды төмөндөтүү методдору/ыкмалары;
   - индексацияланган кредиттерди берүүгө тыюу салуу;

2) кредитти тариздөө тартиби, анын ичинде:
   - кредиттерди берүү жана жактыруу тартиби;
   - күрөөгө баа берүү тартиби;
   - кредиттердин ордун жабуу графигин кошо алганда, алардын туура таризделишине контролдукту жүзөгө ашыруу;
   - документтердин формалары;
   - күндөлүк жана проблемалуу кредиттер менен иштөө тартиби;

3) кредиттерди тескөө боюнча талаптар, анда төмөнкүлөр камтылат:
   - карыз алуучунун шайкеш кредиттик досьесин калыптандырууга жана түзүүгө карата талаптар;
   - кредиттерге жана кредиттик келишимдердин шарттарынын МФУнун ички жол-жоболоруна ылайык аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча талаптар;
   - кредиттерди пролонгациялоо, реструктуризациялоо, ошондой эле алар боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар төлөнгөн учурда кредиттерди жаңыртуу шарттары;

- кредиттерди классифияциялоо системасын аныктоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга карата камдарды (РППУ) түзүүгө чегерүүлөрдүн маанисин белгилөө, мында Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 22-октябрындагы №31/3 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашыруу укугуна ээ эмес микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга кам түзүүнүн жалпы принциптери жөнүндө" убактылуу жободо, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы №5/6 токтому менен бекитилген "Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартибинде" белгиленген РППУну түзүүгө чегерүүлөрдүн мааниси сакталууга тийиш;
- кредиттер боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн жана төлөнбөгөн карыздарды кайтарып алуу боюнча иш тартиби;

4) кредиттөө процессинде МФУлардын кызматкерлеринин милдеттерин жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү/бөлүү:
   - кредиттерди түрүнө жана өлчөмүнө жараша, аларды берүү укугун ыйгаруу;
   - күндөлүк кредиттерди администрлөө (мониторинг жүргүзүү) боюнча;
   - проблемалуу карыз алуучулардын карыздарын кайтарып алуу боюнча.

14. Ири кредиттерди, МФУнун инсайдерлерине/аффилирленген жактарына кредиттерди берүү, ошондой эле проблемалуу кредиттерди эсептен алып салуу МФУнун Байкоо органы тарабынан жактырылгандан кийин жүргүзүлөт.
15. МФУнун кардардын тууганы болуп саналган жана кредиттерди берүү боюнча чечимдерди кабыл алуу жагында ыйгарым укукка ээ болгон кызматкери, бул кардарга кредиттерди берүү жөнүндө чечим кабыл алууга тийиш эмес.
16. МФУнун Аткаруу органы МФУнун кредиттик саясатынын аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат жана МФУнун ишине кредиттик тобокелдикти аныктоо, өлчөө, мониторинг жүргүзүү жана аны контролдукка алуу саясатын, жобосун жана жол-жоболорун иштеп чыгууга жана жайылтууга милдеттүү.

## 4. МИКРОКРЕДИТТИ АЛУУГА БИЛДИРМЕЛЕРДИ КАРАП ЧЫГУУ

17. МФУлар ички ченемдик документтеринде кардар тарабынан кредит алуу үчүн берилген документтерди кароо мөөнөтүн белгилөөгө тийиш.
18. МФУ кардарларга жок эле дегенде төмөнкү шарттарды сактаган учурда кредиттерди берет:
    1) кардар билдирмеде карызга алынган каражаттарды пайдалануу максаттарын көрсөтүү менен кредит алуу үчүн кайрылган шартта;
    2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кардар эрезеге жеткен, ишке жарамдуу болгон шартта.
19. Кредит алуу үчүн кардар жок дегенде ушул жобонун 1-тиркемесинин 1-, 2- жана 3-пунктунда сунушталган документтерди берүүсү зарыл.
20. Билдирмелерди карап чыгуу регламенти жок эле дегенде төмөнкү баскычтардан турууга тийиш:
    1) кардарлардын кредиттерди алууга билдирмелерди каттоо Журналына, билдирмелерди каттоо (мындан ары - Журнал). МФУда маалыматты коргоо жана сакталышын камсыз кылган коопсуздук системалары орнотулуп, маалыматтан санкциясыз пайданалууга жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүн болбогон шартта, журналды электрондук түрдө жүргүзүүгө жол берилет;
    2) кардар тарабынан билдирмеде көрсөтүлгөн маалыматтарды текшерүү;
    3) кардар-потенциалдуу карыз алуучу менен аңгемелешүү жүргүзүү;
    4) кардар тарабынан берилген документтерге алдын-ала экспертиза жүргүзүү;
    5) кардардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн тастыктоочу акча каражат булактарына баа берүү;
    6) кредит берүү жөнүндө чечим;
    7) кардарга МФУда белгиленген тартипте кредит берүү/кредит берүүдөн баш тартуу жөнүндө маалымдоо, бул, формасы МФУ тарабынан белгиленген Журналга катталат.
21. Эгерде, кредит боюнча кызматкер же кредит берүү чечимин кабыл алууда катышкан кайсы гана жак болбосун, потенциалдуу кардар менен таламдардан улам келип чыккан талаш-тартыш мамилелеринде болсо, анда ал аталган карыз алуучуга кредит берүү боюнча чечим кабыл алууга катышууга тийиш эмес.

МФУнун кызматкерлери өз функционалдык милдеттеринин чегинде гана кардарлар менен өз ара аракеттенүүгө тийиш жана кардарга сый акы катары кредит берүүдө ортомчу сыяктуу көмөктөшүү укугуна ээ эмес.

## 5. КАРДАРЛАРДЫН УКУКТАРЫ

22. Кредиттик келишимге кол коюлганга чейин, кардар төмөнкүлөргө укуктуу болот:

   1) кредиттик келишимдин долбоорун ага тиркелген бардык документтери менен колуна алууга жана юридикалык консультация алуу үчүн МФУнун чегинен тышкары кайрылууга, мында кардарга аталган келишим менен таанышууга  берилген убакыт бир күндөн кем эмес, бирок, үч күндөн ашпоого тийиш;

   2) МФУ кызматкерлерине төмөнкү маалыматты  түшүндүрүү жана аларды чечмелеп берүү боюнча консультацияларды алуу үчүн кайрылууга:

   - кардардын тандоосу боюнча мамлекеттик жана/же расмий тилде, кредиттик продукттун толук наркы жөнүндө маалыматты кошо алганда, кредиттерди берүү шарттары жөнүндө;

